**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**
**Б.ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

| | |
|---|---|
| **Макулдашылды** | **Бекитем** |
| Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун | Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун |
| Окумуштуулар кенеши | ректору т.и.д., профессор |
| Протокол № 5 | К.Ж.Усенов |
| “5” 03 2026 | “7” 03. 2026 |

# “Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети” илимий-билим берүү өндүрүштүк комплексинин Илим бөлүмү жөнүндө ЖОБО

**Жалал-Абад, 2026-жыл**

кызматташуунун негизинде жүргүзүү;

2.4. Өлкөдөгү жана чет өлкөлөрдөгү илимий конференцияларга, симпозиумдарга, көргөзмөлөргө жана тематикалык жолугушууларга катышуу;

2.5. Университеттин илимий-изилдөө программаларын жүзөгө ашыруу максатында фундаменталдык жана прикладдык изилдөө үчүн илимий гранттык конкурстарды уюштуруу;

2.6. Таланттуу жаш изилдөөчүлөрдү аныктоо жана колдоо; коомдо компетенттүү, илимий жана чыгармачыл инсандарды калыптандырууга көмөктөшүү;

2.7. Университеттин илимий жана басма ишин жүргүзүү.

## 3. Милдеттери

3.1. Бөлүмдүн илимий, инновациялык жана илимий-билим берүү ишмердүүлүгүн камсыз кылуу жана жардам берүү;

3.2. Илимий-изилдөө иштерин өнүктүрүүдө материалдык-техникалык базаны чыңдоо, окутуучулук-профессордук курамынын кызматкерлеринин жана студенттеринин илимий квалификациясынын жана кесиптик деңгээлинин өсүшүн камсыз кылуу;

3.3. Илимий изилдөөлөрдүн долбоорлорун жана пландарын техникалык тапшырмаларга ылайык иштеп чыгууга көмөктөшүү;

3.4. Аспирантурага, докторантурага кабыл алуу, аспиранттардын окуу жүктөмдөрүн бөлүштүрүүдө аудиториялык жана илимий жетекчиликке (аспиранттардын) бөлүнгөн сааттарынын университеттин талабына ылайык бөлүнүшүн эске алуу;

3.5. Университеттин илимий потенциалын жогорулатуу максатында илимий кызматкерлерди, окутуучуларды, аспиранттарды, магистранттарды жана студенттерди илимий-изилдөө иштерине тартуу;

3.6. Илимдин приоритеттүү багыттары боюнча окутуучулук-профессордук курамдын жана студенттердин окутуу профилине ылайык фундаменталдык, издөөчү жана прикладдык изилдөө иштерин жүргүзүүгө

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Илим бөлүму (мындан ары - бөлүм) ЖАМУнун (мындан ары - Университет) түзүмдүк изилдөө бөлүмү. Ал ректордун буйругу менен ачылган жана илимий иштер жана инновациялар боюнча проректордун көзөмөлүндө болот.

1.2. Окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилген Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин тапшырмасына ылайык, ошондой эле Кыргыз Республикасындагы илимий ишмердүүлүктүн артыкчылыктуу багыттарынын негиизинде илимий изилдөө иштерин жүргүзөт.

1.3. Бөлүм университеттин Уставына ылайык иш алып барат. Бөлүм ченемдик-методикалык негизде университеттин илимий изилдөөлөрүн жана өнүгүүсүн жөнгө салуучу документтер, ички эрежелер жана азыркы илимий-изилдөө позициясы аркылуу иш алып барат.

1.4. Бөлүмдүн каржылык-чарбалык келишимдик жана илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүдө университеттин кадрлар жана пландоо-финансылык бөлүмдөрү тейлейт.

1.5. Университеттин веб-сайтынын өзүнчө баракчасында бөлүмдүн илимий-изилдөө иштери жөнүндө маалыматтар киргизилет.



## 2. Максаты:

2.1. Университеттин билим берүү жана социалдык чөйрөсүнүн ийгиликтүү өнүгүшүнө өбөлгө түзүүчү фундаменталдык жана прикладдык илим жаатындагы актуалдуу көйгөйлөрдү изилдөө иштерин уюштуруу жана координациялоо;

2.2. Приоритеттүү багытта фундаменталдык жана прикладдык илимдерди өнүктүрүүдө, ошол эле багыттарда илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүдө көмөк көрсөтүү жана өнүктүрүүгө жол берүү;

2.3. Илимий-изилдөө иштерин өз алдынча жана менчиктин бардык түрүндөгү илимий мекемелер, уюмдар жана ишканалар менен

көмөк көрсөтүү;

3.7. Сапаттуу жаңы илимий-эксперименталдык базаны түзүү жана оптималдаштыруу; (PhD) философия докторанттары/профиль боюнча докторанттарды, аспиранттарды жана докторанттарды окутуу, изилдөө иштерин жүргүзүү үчүн модернизацияланган илимий окуу-лабораторияларды түзүүгө катышуу;

3.8. Жаш илимпоздор кеңешинин ишин көзөмөлдөө;

3.9. Биргелешкен илимий продукцияларды түзүү максатында мамлекеттик жана мамлекттик эмес уюмдар, эл аралык билим берүү жана илимий уюмдар менен кызматташуу.

**4. Функциялары**

4.1. Университетте илимий иш-чараларды онлайн режиминде оффлайн форматында (конгресс, конференция, симпозиум, олипиада, тегерек стол, коллоквиум, семинар, вебинар, “жайкы мектептер”) даярдайт жана өткөрөт;

4.2. Билим берүү мекемелери менен илимий байланыштарды орнотот жана жүргүзөт; республикалык жана чет өлкөлүк ЖОЖдордун илимий кызматкерлери менен конок лекцияларды (онлайн, офлайн ж.б. форматта) уюштурат;

4.3. Университетте илимий-изилдөө иштери, анын ишке ашырылышынын жүрүшүнө байкоо жүргүзүп, илимий комплекстүү дисциплиналар аралык изилдөөлөрдү уюштурат;

4.4. Аймактык, республикалык жана эл аралык конференцияларды уюштурат унииверситеттин профессордук-окутуучулук курамынын, аспиранттарынын, магистранттарынын, студенттеринин илимий докладдарын даярдоосуна жана аткаруусуна көмөк көрсөтөт;

4.5. Университеттин илимий журналына жана Web of Science, Scopus жана РИНЦ журналдарына жарыялоо үчүн берилген илимий эмгектерди, макалаларды корректирлөөнү, редакциялоону, форматтоону жана

6.2. Бөлүм өзүнө алган милдеттенмелердин чегинде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, изилдөөлөрдүн натыйжаларынын купуялуулугун сактоо;

6.3. Материалдык зыян келтирбегенге, өрт жана санитардык коопсуздук эрежелерин сактоо.

## 7. Уюштуруу иштери

7.1 Бөлүмдүн түзүмү жана штаттык саны бөлүмдүн башчысы тарабынан аныкталып, илимий иштер жан инновациялар боюнча проректор менен макулдашылат жана университеттин ректору тарабынан бекитилет.

7.2. Бөлүмдүн кызматкерлеринин иши кызматтык нускамалар менен жөнгө салынат.

7.3. Бөлүм жыл сайын университеттин илимий-изилдөө иштери боюнча планын бекитет жана отчетун окумуштуулар кенешинде берет.

7.4. Бөлүмдүн башчысы айрым бир маселелерин өз алдынча чече алат жана илимий иштер жана инновациялар боюнча проректорунун алдындагы өзүнүн компетенциясынын чегинде ишинин натыйжалары үчүн жооптуу.

7.5. Университеттин илимий журналына жана Web of Scince, Scopus жана РИНЦ журналдарына жарыялоо үчүн берилген илимий эмгекти, макаланы ж.б. жарыялоонун максатка ылайыктуулугу жөнүндө корутунду бөлүм башчысы тарабынан берилет.



7.6. Бөлүмдүн ишине байланыштуу ушул жободо каралбаган калган маселелер илимий иштер жана инновациялар боюнча проректору жана тиешелүү жетекчилери менен чогуу чечилет.

7.7. Ушул эрежелер, ошондой эле ага киргизилген бардык өзгөртүүлөр жана толуктоолор белгиленген тартипте университеттин ректору менен макулдашылат.

рецензиялоону жарыялануусунун максатка ылайыктуулугу жөнүндө корутунду менен координациялайт;

4.6. Илимий коомчулуктун заманбап талаптарына жооп берген монографияларды, илимий эмгектерди ж.б. басып чыгарууга көмөк көрсөтөт;

4.7. Университеттин басма ишин жакшыртуу, илимий журналдын түп нускасын түзөтүү, форматтоо, даярдоо маселелерин көзөмөлдөйт;

4.8. Бөлүмдүн изилдөө иш-аракеттеринин планы жана жыйынтыктары боюнча университеттин илимий иштер боюнча проректорго жылдык отчетун даярдайт.

5. **Укуктары**

Бөлүм төмөнкүлөргө укуктуу:

5.1. Бөлүмдүн ишин жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон маалыматтарды, маалымдамаларды жана башка материалдарды университеттеги түзүмдүк бөлүмдөрүнөн сурап алууга;

5.2. Университеттин жетекчилиги тарабынан бөлүмдүн ишмердүүлүгүнө байланыштуу чечимдери менен таанышууга;

5.3. Университеттин жетекчилигине бөлүмдүн компетенциясына кирген маселелер боюнча сунуштарды берүүгө;

5.4. Бөлүмдүн экономикалык тыянагын түзүү үчүн керектүү документтерди даярдоого, университеттин тиешелүү жетекчилери менен макулдашууга;



5.5. Университеттин жетекчилиги менен макулдашып, бөлүмдүн илимий-изилдөө иштери жөнүндө массалык маалымат каражаттарына жана Университеттин расмий сайтында маалымат берүүгө.

6. **Жоопкерчилиги**

6.1. Илимий-изилдөө иш чараларын уюштуруу жана өткөрүү жаатында Университеттин Уставы жана Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларынын негизинде жүзөгө ашыруу;